УДК 4(07)+373

Г. Ж.Сулайманкулова

# ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР - САБАКТАРДА ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИН ФОРМУЛАЛАРЫНЫН БИРИ КАТАРЫНДА

*Бул темада окутуу каражаты катары дидактикалык оюндар чет тили сабагында окуучулардын өз бет алдынча иштеринин формаларынын бири болуп саналат жана чет тили сабагында дидактикалык оюндардын көп болушу алардын өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтөт.*

Чет тилдерин окутуунун практикалык багыты мугалимдердин алдында окуучулар үйрөнүп жаткан тилди окуй жана сүйлөй алгыдай кылып сабакты уюштуруу милдети коюлган. Бул жоопту милдеттин ийгиликтүү чечилиши окуучулардын өз бет алдынча иштерди туура уюштурууларына көмөк көрсөтөт, анткени «чет тилине окутуунун бир да курсу» окуучулардын тили толук билүүсүнө мүмкүнчүлүк бербейт, ал билимдерге ээ болуу жана аларды андан ары өркүндөтүү процессинде кыйынчылыктарды жеңүүгө гана жардам берет».

Окутуу каражаты катары дидактикалык оюндар сабакта окуучулардын оЗ бет алдынча иштеринин формаларынын бири болуп саналат. «Оюн бала үчүн өз бет алдынча болгондуктан гана оюн», - деп айткан К.Д. Ушинский.

Оюндардын процессинде окуучулар билимдерин өз бет алдынча пайдаланышат, өз ойлорун чет тилинде баяндашат, өзү менен сүйлөшкөн адамдын сөзүн түшүнүүгө далалаттанышат, мындан мурун үйрөнгөн материалдарын *зүнч* эске салууга, сүйлөө практикасындагы өз билимдеринин запастарынын баарын колдонууга аракеттенишет. Оюндардын процессинде окуучулар жаңы билимдерге ынтаасыз кабыл алуу жолу менен эмес, активдүү чыгармачыл жол менен өздөштүрүүнүн натыйжасында ээ болушат. Оюндардын процессинде окуучуларга мугалимдердин жардамысыз эле чет тилдерди

үйрөнүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Бул болсо өз бет алдынча иштерге машыгуунун өнүктүрүүнүн өбөлгөсү болуп саналат.

Дидактикалык оюндардын негизги компоненттери: үйрөтүүчү милдет, оюндук эрежелер, оюндук аракеттер, оюндун ой жүгүртүүлөр болуп саналары белгилүү. Дидактикалык оюндардын негизги элементи болуу менен үйрөтүү милдети өзүнө тилдик мазмунду камтыйт, ага речтик үлгүлөр сөз айкалыштары, сабакта окуучулар өздөштүрүүчү сүйлөмдөр же айрым сөздөр кирет. Тилдик мазмун окуучулардын үйрөнүп жаткан тилине карым-катыштык мүнөз берет. Ал эми оюнга кызыгуучулар жана жан дили менен берилүүсү үйрөнүп жаткан тилди жакшы өздөштүрүүсүнө аны сүйлөй билүүсүнө түрткү болот.

Дидактикалык оюндар билимдерди бекемдеп, жетик өздөштүрүүнүн куралы жана эсте тутуунун бардык түрлөрүнө таянуу менен жаңы билимдерди балдарга берүүнүн каражаты катары да колдонула тургандыгын мектептердеги иш тажрыйбасы айгинелөөдө. Эсте, көңүлдө тутуунун компоненттери бар экендиги белгилүү. Алар эсте тутуп, сактап калуу жана аларды пайдалана билүү. Эсте тутуунун дагы негизги эки түрү бар. Алар – эрки менен жана эрксиз эсте тутуу. Билимди эрки менен эсте тутуу менен гана бекемдөөгө болот деп эсептелип келген. Бирок белгилүү шарттарда эрксиз эсте тутуу айрыкча натыйжалуу болорун практика көрсөтүүдө. Эрксиз эсте тутуу билгенин эрксиз кайра түшүндүрүп айтып берүү менен өз ара байланышта болот да, үйрөтүү-окутуу процессинде чоң роль ойнойт, анткени азыркы кездеги психологиянын үйрөнүп-билүүдөн улам эрксиз же алдын-ала эсте тутуу адегенде бирден бир эске тутуу болуп саналат, андан кийин мектепти бүткөнгө чейинки курагында балдардын эсте тутуусунун негизги формасы болуп калат.

Дидактикалык оюндардын процессинде мугалим окуучулардын аргасыздан (эрксиз) болгон көңүлүн чет тилинин элементтеринин бир кыйла керектүү нукка буруусу зарыл.

Буга дидактикалык оюндардын тилдик мазмуну жана алардын ар түрдүүлүгү менен жетишүүгө болот.

Дидактикалык оюндарды өткөрүүдө окуучулардын психологиялык жана куракттык өзгөчөлүктөрүн, алардын тигил же бул ишке болгон кызыгууларын эске алуу керек. Керектөөчүлүк негизги булак болуп эсептелери белгилүү иштин мындан тибинин өбөлгөсү оюн болот: «Керектөөчүлүк деген керектөөчүлүк, бирок иштин айкын-ачык багытын аныктай албайт. Керектөөчүлүк өзүн айкындыгын иш предметинде гана алат, ал өзүн таба билиши гана керек. Керектөөчүлүк өзүнүн аныктоосун предметтен гана тапкандыктан, ошол предмет иштин мотиви болуу менен керектөөчүлүктү козгойт». Окуу мотивдери окуучулардын сабактары иштеринин маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. «Жакынкы» жана «алыскы» (себеп) дегендер бар «Жакын арадагы мотивировка мугалимдин түздөн-түз сабакка тапшырма коюу милдети менен байланыштуу. Мында иштин ар кандай формалары (коллективдүү түрдөгү, группа боюнча, экиден жекече) колдонулат. Окуучулардын оюн иштерин камтыган «жакын арадагы» мотивировка окуу процессинде бир кыйла маанилүү болуп эсептелет. Анын жардамы менен тилдик материал байланышуунун микроситуациясына киргизилет «жакынкы» мотивировка бара-бара «алыскы» мотивировкага өтөт б.а. чет тилдерине үйрөтүүнүн негизги максаты тилди келечекте пайдалануунун практикалык иши аркылуу чечилет.

Оюнда жеңип чыгууга аракет жасоо, коюлган милдеттерди туура чечүү окуучуларды жакшы ойлонууга, мурун үйрөнгөн лексиканы грамматикалык формаларды эске салууга түртмөлөйт. Окуучулар ошол замат жаңы материалды

эске шак түшүрөт, же унутуп калганын, эстен чыгарганын эсине салат да, аларды эсинде бекем тутуусуна мажбурлайт. Дидактикалык оюндар занятиелерде үйрөнүүгө тийиш болгон сөздөргө таасир көрсөтүүнүн, ошондой эле жаңы машыгууларды жана билүүлөрдү калыптандыруунун жаңы булагы болуп саналат.

Дидактикалык оюндарды өткөрүү процессинде ойноочулар менен мугалимдин ортосундагы мамиле оюндук мүнөздө болот, б.а. ал мамилелер сыртынан алып караганда окуу процессинин натыйжасын чечүүгө арналат.

Ошентип, дидактикалык оюндарда мурун алынган билимдерди бышыктоонун жана жаңы билимдерди билүүнүн өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Анын мааниси билимдерди бышыктоо жана жаңыларын берүү оюндук жана оюндун ролу формасында өткөндүгүндө. Дидактикалык оюндардагы билим таанытуучулук элементтер адатта, кызыктуу формада берилет. Оюндарды өткөрүүнүн убагында балдар оюндун милдеттерин даана түшүнүүлөрү керек. Бул болсо оюн иштерин максатка ылайыктоо менен натыйжалуу кылдат.Оюн милдеттерин түшүнүүдө өзүнө-өзү баа берүү калыптанат, эмгектеги машыгуулар, коллективде иштеше билүү сыяктуу адаттар пайда болот. Оюндардагы маанилүү учурлардын бири оюндун эрежелерин киргизүү болуп саналат. «Эрежелерди билүү, үйрөнүү - бул өз жүрүм-турумун билүү, аны башкара билүүгө үйрөнүү, аны белгилүү бир милдетке баш ийдирүүгө үйрөнүү дегендикти билдирет (А.Н. Леонтьев. Проблемы развития психики. Москва, 1959, стр. 405).

Сабактарда тынч мүнөздөгү оюндар пайдаланылат, бул болсо окуп үйрөнүүнүн эмоциялык мүнөзүн жогорулатат, чет тилиндеги сөздөрдү грамматикалык формаларды жана бүтүндөй фразаларды эске тутуу процессин жеңилдетет, оозеки речти окуу жана жазуу навыктарын өнүктүрөт

Чет тилдерди окутуунун практикасында дидактикалык материалдарды жекече экиден группа боюнча аткаруу иштери тапшырылат. Жекече жана экиден болуп аткарылуучу оюндарды өткөрүү үчүн сүрөттүү карточкаларды, стол оюндарын пайдалануу максатка ылайык келет. Оюндарды өткөрүүдө мугалимге айрыкча роль таандык, анткени окуучулардын жалпы кызыгуусу оюнду өткөрүүгө жараша болот, бул болсо ар бир окуучунун активдүүлүгүн камсыз кылат. Дидактикалык оюндарды өткөрүүгө иштерди толук туура уюштуруу чо мааниге ээ, анткени жакшы ойлонуштурулган жана так өткөрүлгөн оюндар гана пайда бериши мүмкүн жана тилдик материалдарды натыйжалуу здөштүрүүнү камсыз кыла алат. Оюн окуучуларды чарчап чаалыктырбайт чет тилинде эздөштүрүлгөн материалдар башка тилде түшүнүүгө мүмкүнчүлүк бергенге окуучуларды ынандырат.

Ойноо процессинде ойноп жаткан окуучунун жообунун тууралыгы сөзсүз түрдө контролдукка алынып туруута тийиш, анткени оюндун мазмуну өзүнө тилдик материалды камтыгандыктан окуучу дидактикалык оюндун процессинде ал материалды өздөштүрүүсү керек. Контролдук кылуу окуучулардын бул учурда зүлөрүнүн келечектеги окуу иштерине болгон жоопкерчилигин сезгендиги менен да баалуу болуп саналат.

Экнден болуп иштөө үчүн оюндарды дидактикалык таркатып берме материалдар түрүндө пайдалануу максатка ылайык экендигин практика жана байкоолор көрсөтүп жатат. Эгерде дидактикалык оюн жекече мүнөздө болсо окуучуга туура жооптору бар сигналдык карточкалар сунуш кылынат.

Экиден жана группа боюнча аткарылуучу оюндардын процессинде өз ара контроль кылуу формасын пайдаланууга болот. Мында транспоранттар, таблица-схемалар сыяктуу өз ара контролдоо каражаттарын сунуш кылуу керек.

Окуп-үйрөнүүдөгү контроль да ошондой эле оюндагы контроль да тилдик материалды өздөштүрүүнүн жүрүшүнүн натыйжасын көрүүгө ашыккан окуучулар үчүн да мугалим үчүн да баары бир экендигин түшүнүү керек.

Чет тили боюнча сабактарда дидактикалык оюндарды өткөрүү процессинде практикалык жана билим берүүчүнүк милдеттерден башка тарбиялык милдет да чечилет. Тарбия берүүчү милдет дидактикалык оюндардын мазмунунун өзүнө киргизилген. Сабакта оюнду пайдаланууда мугалим анын мазмунун, окуучулардын идеялык-саясий жактан тарбиялоонун талаптарына канчалык даражада жооп берерлигин, адептүүлүк жана эстетикалык сапаттарын калыптандырууга көмөк көрсөтөрүн күн мурунтан ойлонуп көрүүсү зарыл. Дидактикалык оюндар, окуучулардын чыгармачылык ойлонуусуна, акыл-эсине, эркине, көңүл буруусуна тарбиялык чоң таасир көрсөтүп оюндардын процессинде окуучулар арасында эмгектик жаңы өз ара байланыштар пайда болот, өз ара жакын мамилелер калыптанат.

## АДАБИЯТТАР


1. Эл агартуу №1, 1992.
2. Проблемы развития психики. Москва, 1989, стр. 405.
3. Усова А.П. Педагогика. Игры. Дошкольное воспитание. №1, 1903 г.